# Кредиттер

*(2017-жылдын 12 айы үчүн)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктар улуттук валютада берилген кредиттердин олуттуу үлүшү менен кредит портфель көлөмүн арттырууну уланткан.

Алсак, коммерциялык банктардын кредит порфтелинин чогуу алгандагы көлөмү 2017-жылдын акырына карата 108,3 млрд сомду түзгөн, бул жыл башындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырмалуу 15,9 пайызга көп. Мындай динамика улуттук валютада кредиттер көлөмүнүн жыл башынан тартып 29,6 пайызга, 67,2 млрд сомго чейин өсүшү менен мүнөздөлгөн. Кредит портфелинин валюта түзүүчүсү тескерисинче жыл башынан тартып 1,2 пайызга, сом эквивалентинде 41,1 млрд чейин төмөндөгөн.

**1-график. Иштеп жатышкан коммерциялык банктардын бир мезгилдин акырына кредиттик карыздарынын динамикасы**




**2-график. Коммерциялык банктар тарабынан бир мезгил ичинде берилген кредиттердин динамикасы**




Курстун өзгөрүүсүн эске албаганда, жыл башынан тартып кредит портфели 16,5 пайызга көбөйгөн. Өтүп жаткан жылдын акырына карата долларлаштыруу деңгээли 38,0 пайызды (-6,6 п.п.) түзгөн.

Мында, кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2017-жылы 17,0 пайызды түзүү менен 2,3 п.п. төмөндөгөн. Буга улуттук валютада 2,8 п.п., 20,3 пайызга чейин, чет өлкө валютасында 2,4 п.п., 12,3 пайызга чейин орточо салмактанып алынган пайыздык чендин төмөндөшү себеп болгон.

2017-жыл жыйынтыгында банк тутумунун кредит портфелинин сапаттуу мүнөздөмөлөрүнүн жакшырышы байкалган. Алсак, кредит портфелинин жалпы көлөмүндө мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген карыздын үлүшү 2,2 пайызды түзгөн (-0,7 п.п.) жана пролонгацияланган кредиттердин салыштырма салмагы жыл башынан тартып 0,5 п.п. кыскаруу менен 4,3 пайызды түзгөн.

Өтүп жаткан жыл ичинде көпчүлүк банктардын портфели айрым тармактарда жогорку бойдон калган. Алсак, тармактарда банктардын кредит портфелинин концентрациялануусун көрсөтүүчү индекс 0,33 түзгөн, бул көпчүлүк банктардын кредиттерин үч тармак ортосунда бөлүштүрүлүшүн чагылдырат. Мындан тышкары, кредиттөө рыногунун жалпы концентрациялануу көрсөткүчү 0,08 түзгөн, бул концентрациялануунун төмөн деңгээлине дал келип, он эки банк ортосунда рынокту бөлүштүрүүгө барабар.

**3-график. Кредиттердин тармактык структурасы (бир мезгил ичинде)**




Банктардын кредит портфелинин убакыт түзүмүндө отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча узак мөөнөттүү кредиттер үлүшүнүн 85,8 пайызга чейин (1 жылдан жана андан ашык) өсүшү байкалган, бул коммерциялык банктарда ресурстардын узак мөөнөткө колдонулушун тастыктайт. Мындай корректировка дюрация көрсөткүчүнө олуттуу деле таасирин тийгизген эмес, ал 31,3 айды (жыл башынан тарта +2,0 ай) түзгөн.

Кредит портфель түзүмүндө эң чоң үлүштү мурдагыдай эле 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө берилген кредиттер ээлеген, андан ары 3 жылдан жогору кредиттер орун алган.

2017-жыл үчүн жаңыдан берилген кредиттердин чогуу алгандагы көлөмү 106,0 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 10,5 пайызга көп. Алсак, улуттук валютада кредиттер 18,5 пайызга 70,0 млрд сомго чейин өскөн болсо, ал эми чет өлкө валютасында кредиттер тескерисинче 2,4 пайызга, сом эквивалентинде 36,0 млрд чейин төмөндөгөн.

**4-график. Улуттук валютасында бир мезгил ичинде берилген кредиттердин түзүмү**



**5-график. Четөлкө валютасында бир мезгил ичинде берилген кредиттердин түзүмү**




Валюталар боюнча отчеттук жыл ичинде улуттук валютада сыяктуу эле, чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин төмөндөө тенденциясы катталган. Алсак, улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен кароого алынып жаткан мезгил ичинде 2016-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 19,8 пайызды түзүү менен 4,7 п.п. жана чет өлкө валютасында 2,0 пайыздык пунктка, 10,5 пайызга чейин төмөндөгөн.

**6-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




**7-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**



Тармактар боюнча алганда кароого алынып жаткан мезгил ичинде улуттук жана чет өлкө валюталарында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендер төмөндөө тенденциясына ээ болгон. Мында, эң төмөн чен боюнча улуттук валютада кредиттер даярдоо жана кайра иштетүү тармагына берилген болсо (мезгил ичинде орточо алынган чен 9,7 пайыз (-8 п.п.), ал эми эң жогорку чен боюнча кредиттер керектөө кредиттерине (27,4 пайыз (-3,5 п.п.)) берилген, мындан тышкары жогорку чен боюнча чет өлкө валютасында кредиттер транспортко (орточо салмактанып алынган пайыздык чен – 12,6 пайыз (-2,5 п.п.)), ал эми эң төмөн чен боюнча кредиттер – байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө (орточо салмактанып алынган пайыздык чен – 9,4 пайыз (-2,1 п.п.)) берилген.